Баяндама

COM/ENR/REP/002/FINAL
*Бейрасмий котормо*

**Бешинчи жыйын**
**Бишкек, 2019-жыл, 30-май**

# ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН ТУРУКТУУ ПАЙДАЛАНУУ: УКУКТУК КОЛДОО

## I. КИРИШҮҮ

1. 2018-жылдын 14-сентябрында Бишкекте өткөн Айлана-чөйрө жана жаратылыш ресурстары боюнча комиссиянын төртүнчү жыйынында бешинчи жыйындын күн тартибинин негизги маселеси катары "Жаратылыш ресурстарын экологиялык жактан туруктуу пайдалануу: укуктук колдоо" темасындагы маселени кароо сунушталган.

2. Акыркы эки жүз жылдыкта адамзат бир кыйла экономикалык жана демографиялык экспансияны башынан өткөрдү. Өнөржайдын өнүгүшү жана адам өмүрүнүн узактыгы жаратылыш ресурстарынын керектелишинин өсүшү менен коштолду. Адамдардын өсүүсүнүн мүмкүн болгон натыйжаларын элестетүү үчүн көп деле убакыт керек болбой калды.

3. Адамзат байлыгы жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана керектөөгө негизделген. Бул ресурстарды көп пайдалануунун уланышы жана анын айлана-чөйрөгө тийгизген таасири экологиялык кризистер менен коопсуздукка болгон коркунучтарга алып келүүчү көптөгөн кесепеттерге туш болушу мүмкүн. Ошентип, жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу жана башкаруу көңүл буруунун маанилүү предметине айланды. 1992-жылы Рио-де-Жанейродогу саммитте башталып, ондогон жылдар бою көптөгөн саясый талкуулардын темасы болуп келди.

4. Адамзат тарыхынын тигил же бул салыштырмалуу мезгилдерине караганда акыркы 50 жылда адамдар экосистеманы өтө тез жана масштабдуу өзгөртүүгө алып келди. Негизинен азык-түлүктөгү, тузсуз суудагы, жыгаччылыктагы, буладагы жана күйүүчү майдагы тез өсүп жаткан керектөөлөрдү канаттандырууда экосистема өзгөөрүлөргө учурады. Бул адамдардын байгер турмушка жетишине жана экономикалык өнүгүүгө алып келди. Бирок мындай жетишкендиктерге көптөгөн экосистеманын деградацияланышы жана улам өсүп жаткан чыгымдар менен жетишилди.

5. Көптөгөн башка өлкөлөрдөй эле ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөр дагы айлана-чөйрөнү коргоого жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдаланууга байланыштуу көйгөйлөрдүн чечилишин издөөгө кызыкдар. Анткени экономиканын баардык тармактарын жана адамзат ишмердүүлүгүн ыкчам өнүктүрүү айлана-чөйрөгө барган сайын терс таасирин тийгизип, жаратылышы ресурстарын натыйжасыз пайдаланылышына алып келүүдө.

6. Аталган отчетту максаты – бул маселе бонча регионалдык кызматташуунун приоритеттерин аныктоо болуп саналат. Отчет Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан жана Туркиянын тиешелүү министрликтеринен жана ошондой эле тиешелүү эл аралык уюмдардан алынган материалдарга негизделген.

## II. МҮЧӨ-ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ КЫРДААЛ

### АЗЕРБАЙЖАН

7. Азербайжан жаратылыш ресурстарына бай жана өнүккөн өнөржайлуу райондорго ээ. Бул жагдайдан алып караганда Азербайжан климаттын 11 тибинин тогузуна жетише алат. Мындан сырткары, мунай жана газ кен байлыктарына, пайдалуу кен байлыктар жана металл эмес пайдалуу кен байлыктарына өтө бай. Бул байлыктарга байланыштуу биологиялык ресурстар, анын ичиндеги токой жана суу ресурстары бар.
8. Азербайжан Республикасы айлана-чөйрөнү коргоо боюнча 20дан ашуун көп жактуу эл аралык конвенцияларга жана протоколдорго кошулган. Масален, ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк маданий жана жаратылыш мурастарын коргоо тууралуу конвенциясы, БУУнун Климаттын өзгөрүшү тууралуу алкактык конвенциясы, Жапайы фаунаны коргоо тууралуу конвенция, Чөлгө айланууга каршы конвенция, Трансчекаралык контексте айлана-чөйрөгө болгон таасирди баалоо тууралуу конвенция, Жапайы жаратылышты коргоо жана Европаны сактоо тууралуу Европа конвенциясы, Озон катмарын бузуучу

заттар жөнүндө Монреаль конвенциясы, Биологиялык ар түрдүүлүк жөнүндө конвенция, БУУнун Кооптуу таштандыларга көзөмөл жөнүндө алкактык конвенциясы жана башкалар.

9. Ошол эле маалда Азербайжан Республикасы менен ар кыл өлкөлөрдүн ортосунда өз ара түшүнүшүү боюнча 30 эки жактуу макулдашуулар менен меморандумдарга кол коюлган. Ал өлкөлөр - Грузия, Түркия, Иран Ислам Республикасы, Борбор Азия республикалары, Молдова, Германия, Корея, Кытай, Чехия, Латвия жана башкалар.
10. Акыркы жылдары Азербайжан Республикасында айлана-чөйрө боюнча кол коюлган документтер 2017-2020-жылдарга карата Азербайжан Республикасынын биоартүрдүүлүктү туруктуу пайдалануу жана сактоонун улуттук стратегиясында, Азербайжандын улуттук экономикасынын негизги секторлору үчүн стратегиялык жол картасында, 2020-жылга карата экономиканы өнүктүрүү келечегинде, 2019-2023-жылдарга карата Азербайжан Республикасынын региондорун социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасында, 2018-2020-жылдарга карата Азербайжанда катуу таштандыларды башкарууну жакшыртуу боюнча улуттук стратегия менен иш-аракеттер планында жана башкаларда чагылдырылган.
11. Азербайжан Республикасынын мыйзамдары экология жаатындагы укуктук мамилелерди жөнгө салууда чечүүчү ролду ойнойт. Азербайжан Республикасы суверендүүлүккө ээ болгондон кийин бул жааттагы укуктук мамилелерди жөнгө салган бир катар мыйзамдар кабыл алынган. Бул мыйзам актыларына Азербайжан Республикасынын Токой кодекси (30-декабрь, 1997-жыл), Азербайждан Республикасынын Суу кодекси (26-декабрь, 1997-жыл), Азербайжан Республикасынын Жер кодекси (25-июнь, 1999-жыл), Азербайжан Республикасынын «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамы (8-июнь, 1999-жыл), «Жер жөнүндө» мыйзамы (13-февраль, 1998-жыл), «Атмосфералык абаны коргоо жөнүндө» мыйзамы (27-март, 2001-жыл), «Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө» мыйзамы (24-март, 2000-жыл), «Жапайы жаратылыш жөнүндө» мыйзам (4-июнь, 1999-жыл), «Экологиялык маалымат жөнүндө» мыйзамы (12-март. 2002-жыл), «Калктын радиациялык коопсуздугу жөнүндө» мыйзамы (30-декабрь, 1997-жыл), «Балык уулоо жөнүндө» мыйзамы (27-март, 1998-жыл), «Жашылдандырууну коргоо жөнүндө» мыйзамы (2-май, 2014-жыл), «Экологиялык коопсуздук жөнүндө» мыйзамы (04-июнь, 1999-жыл), «Экологиялык билим берүү жана калкты агартуу жөнүндө» мыйзамы (10-февраль, 2002-жыл),

«Гидрометеорологиялык ишмердүүлүк жөнүндө» мыйзамы (17-апрель, 1998-жыл), «Айлана-чөйрөгө таасирди баалоо тууралуу» мыйзамы (12-июнь, 2018-жыл) жана башкалар кирет.

12. Жогоруда белгиленгендей, айлана-чөйрөнү коргоо тууралуу көптөгөн мыйзамдар кабыл алынган. Бул мыйзамдардын баары Азербайжан Республикасынын Конституциясына негизделген. 1999-жылы «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзам кабыл алынган. «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзам баардык тармактарды – таштандыларды башкаруу, жаныбарлар дүйнөсүн коргоо, экологиялык экспертиза жана башкалардын баарын өзүнө камтыйт. 2007-жылы «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамга айрым бир өзгөртүүлөр киргизилген. 2008-2009-жылдары Президенттин Жарлыгы менен көзөмөл функциялар Экология жана жаратылыш ресурстары министрлигине, Ички иштер министрлигине жана Саламаттыкты сактоо министрлигине өткөрүлүп берилген.
13. Президенттин 2018-жылдын 16-июлундагы Жарлыгына ылайык, минералдык-чийки зат базасын коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу максатында Минералдык чийки заттарды пайдалануу боюнча мамлекеттик агенттик түзүлгөн.
14. Жалпысынан өлкөдөгү экологиялык абал, жаратылыш ресурстары, аларды коргоо жана кайра өндүрүү туруктуу өнүктүрүү концепциясынын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Буга байланыштуу Экология жана жаратылыш ресурстары министрлиги БУУнун айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы баардык эки тараптуу жана көп тараптуу форматтагы системалары менен кызматташат.

**КАЗАКСТАН**

15. Мамлекеттик экологиялык саясаттын негиздери Казакстан Республикасынын Конституциясында толук камтылган. Курчап турган чөйрөнү коргоо, саясий документтер жана стратегиялар Казакстандын мыйзамдарында чагылдырылган.
16. Казакстан Республикасынын Экологиялык кодекси 2007-жылы 9-январда кабыл алынган. Аталган кодекс Казакстан Республикасынын аймагында табигый ресурстарды пайдалануу, курчап турган чөйрөнү коргоо жана калыбына келтирүү, табигый ресурстарды чарба жана башка иштерге колдонуу учурунда жаратылыш ресурстарын калыбына келтирүү жана сактоо мамилелерин жөнгө салат.

17. Казакстан Республика туруктуу өнүктүрүүнүн экологиялык негиздери адам өмүрү жана ден соолугу үчүн жагымдуу шарттар менен камсыздоо максатына мамлекеттин жетишүү; айлана-чөйрөнү коргоо жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо; Казакстан Республикасынын жаратылыш ресурстарын өндүрүү укуктарын камсыз кылуу менен ишке ашыруу жана жаратылыш ресурстарын пайдаланууда жана айлана-чөйрөгө таасир этүүдө улуттук кызыкчылыктарды коргоо; азыркы жана келечектеги муундардын керектөөлөрүн адилет канааттандыруу; өндүрүш менен керектөөнүн туруктуу үлгүлөрүн иштеп чыгуу; айлана-чөйрөнүн абалын эске алуу менен, экологиялык жөнгө салуунун социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн стандарттарына дал келтирүү; ар бир адамдын экологиялык маалыматка жетүү укугун сактоо жана айлана-чөйрөнү коргоо менен туруктуу өнүктүрүү боюнча маселелерди комплекстүү чечүүгө катышуу; айлана-чөйрөнү коргоо жаатында кабыл алынган иш-чаралардын ачык-айкындуулугун камсыз кылуу; жердин экосистамасын жана бүтүндүгүн сактоо, коргоо менен калыбына келтирүү максатындагы глобалдуу өнөктөштүк; айлана-чөйрөгө келтирген зыяны үчүн жоопкерчилик боюнча эл аралык укукту өнүктүрүүгө көмөктөшүү; айлана-чөйрөгө олуттуу зыян келтирген же адам ден соолугуна зыян деп эсептелген аракеттер менен заттардын кездешкен түрлөрүн башка мамлекеттерге көчүрүү жана берүүгө каршылык кылуу, алдын алуу ошондой эле олуттуу экологиялык же орду толгус залал келтирилген жагдайлардан коргоо чараларын колдонуу болуп саналат.
18. Эл аралык келишимдер тууралуу кеп кыла турган болсок, Казкстан Республикасы экологиялык маселелерди чечүүгө активдүү катышат. Ал - биотүрдүүлүк, суу ресурстары жана башкалар боюнча 30 эл аралык макулдашуунун катышуучусу. 2016-жылдын 2-августунда Казакстан Республикасы Париж келишимине кол койгон. Бул келишимге ылайык, Казакстан 2030-жылга чейин көмүр кычкыл газынын абага тарашын 15% кыскартууну чечкен.
19. Жалпылап айтканда экологиялык мыйзамдарды өнүктүрүү үчүн мамлекетте шарт бар. Буга Казакстан Республикасынын Энергетика министрлиги жоопту орган болуп саналса, анын курамында Экологиялык жөнгө салуу жана көзөмөлдөө комитети бар. Ошондой эле Казакстан Республикасынын тиешелүү министрликтери айлана чөйрөнү коргоо боюнча мыйзамдарды жүзөгө ашырууга катышышат.
20. Ошол эле убакта Казакстан Республикасынын Президенти бул мыйзамдарды жана жоболорду кабыл ала турган негизги бийликке ээ. Бул мыйзам

актыларын иштеп чыгуу жана жакшыртуу жаатындагы негизги компетенттүү орган болуп саналат.

**КЫРГЫЗСТАН**

21. БУУнун 2012-жылы өткөн туруктуу өнүгүү боюнча «РИО+20» конференциясында Кыргызстан «жашыл экономиканын» талаптарын алдыга жылдыруу менен өзүнүн узак мөөнөттөгү туруктуу өнүгүүгө болгон колдоосун билдирди.
22. 2013- жылдын январында 2013-2017-жылдар аралыгында туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясынын алкагында өлкөнүн туруктуу өнүгүү боюнча саясий курсу кабыл алынып, андан бир аз эртерээк, 2012-жылдын ноябрында, Туруктуу өнүгүү боюнча улуттук кеңеш түзүлгөн. Стратегиянын алкагында адам өнүгүүсүнүн, адам жана жаратылыш капиталынын алгылыктуу мааниси биринчи жолу эң негизги борбордук приоритет катары көрсөтүлгөн.
23. Кыргыз Республикасынын 2040-жылга чейинки Улуттук стратегиясында жана Кыргыз Республикасынын «Биримдик. Ишеним. Жаратмандык» аттуу өкмөттүк программасында жаратылыш ресурстарын коргоо жана аларды натыйжалуу башкаруу маселелери өлкөнүн экономикалык өнүгүүсү менен тыгыз байланышта каралган.
24. Өз өнүгүү жолунда Кыргыз Республикасы өлкөнүн келечектеги туруктуу өнүгүүсүнө коркунуч туудуруучу маселелерге кептелет, алардын ичинде: натыйжалуу альтернативаларын түзбөй туруп, жаратылыш ресурстарын түгөтүү, жаратылыш экосистемаларынан ажыроо, ресурстарды жана энергияны натыйжасыз пайдалануу жана адам капиталын өнүктүрүүнүн төмөнкү көрсөткүчтөрү бар.
25. Климаттын өзгөрүүсү калктын жашоо шартына жана саламаттыгына бир топ таасирин тийгизүү менен олуттуу көйгөйгө айланат. Республиканын суу ресурстары да сарамжал колдонулбаса, гидроэнергетиканын жана айыл чарбасынын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн чектеп коюшу ыктымал.
26. Жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу алардын экономикасына багытталышы керек: ашыкча колдонуудан акырындык менен баш тартуу жана калыбына келбей турган жаратылыш ресурстарын сарамжал пайдаланууга өтүү, калыбына келүүчү ресурстарды пайдалануунун туруктуу булактарын табуу, ошондой эле энергиянын күн, шамал ж.б.у.с. альтернативдүү булактарын пайдаланууну өнүктүрүү.
27. Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 28-июнундагы № 2532-VI токтому менен «Кыргызстан – жашыл

экономиканын өлкөсү» аталышындагы жашыл экономика концепциясы кабыл алынган. Бул Концепцияны ишке ашыруунун жана Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын алкагында Кыргыз Республикасында 2019-2023-жылдарга чейин жашыл экономиканы өнүктүрүү программасынын долбоору иштелип чыккан.

28. Кыргыз Республикасынын экологияга байланышкан мыйзамдары айлана-чөйрөнү коргоого жана жаратылыш ресурстарын сактоого байланышкан укук мамилелерин жөнгө салат. Алар чарбалык жана башка ишмердүүлүктө айлана-чөйрөнү коргоо боюнча чен-өлчөмдөрдү жана талаптарды бекитет, экологиялык мыйзам бузуулардын түрүн, жоопкерчилик ченемдерин жана жоопкерчиликке тартуунун процедураларын аныктайт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу процедураларын бекитет, жоопкерчиликтен бошотуу ченемдерин жана квоталарын аныктайт, ошондой эле коргоо жана калыбына келтирүү чараларын караштырат.
29. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы негизги документ болуп Кыргыз Республикасынын «Айлана-чөйрөнү коргоо» тууралуу мыйзамы саналып, ал жаратылышты пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы саясий жана укуктук мамилелердин укуктук негиздерин бекитет.
30. Чарбалык жана башка иш-аракеттердин калктын саламаттыгына жана айлана-чөйрөгө тийгизген терс кесепеттерин алдын алуу максатында Кыргыз Республикасынын «Экологиялык экспертиза» тууралуу мыйзамына ылайык, мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүлөт. Ошол эле убакта долбоордук документациянын бардык түрлөрүнүн жана иштелүү этаптарынын милдеттүү жана ажырагыс бөлүгү болуп айлана-чөйрөгө болгон таасирди баалоо (АЧТБ) саналат. Ишмердүүлүктүн демилгечиси АЧТБ боюнча документтерди айлана-чөйрөгө тийген таасирди мамлекеттин баалоосу үчүн көрсөтөт. Мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң чечими экспертиза объектисин финансылоого, насыялоого, инвестиция салууга жана иштетүүгө уруксат алуунун өбөлгөлөрүнүн бири болуп саналат.
31. Жыйынтыгында, экологиялык туруктуулукту камсыздоо жана жаратылышты туруктуу пайдалануу маселелерин өлкөнү өнүктүрүүнүн алгылыктуу маселелеринин катарына кошуу экономиканын узак мөөнөткө туруктуу өнүгүшүн камсыздап, жаратылыштын деградацияга кабылышын алдын алат.

**ТҮРКИЯ**

32. Пайдалуу кендерди казуу – бул жер алдындагы кен запастарын казуу жана аларды калк кызматына сунуштоо. Жер алдындагы кендерди казуу жана

аларды экономикага пайдалануу – бул шексиз зарылдык. Тилекке каршы, пайдалуу кендерди казуу кайра жаралуучу ресурс эмес. Ошондой эле кен казууда жасалган ишке жараша жаратылышка келе турган зыяндарды алдын алуу үчүн ар кандай чараларды көрүү керек.

33. Тилекке каршы, тоокен секторундагы көйгөйлүү маселелердин эң башкысы айлана-чөйрө болуп саналат. Бүгүнкү күндө пайдалуу кендерди казуу кечээгидей эле өнүгүүнүн кыймылдаткычы. Бул биздин жашообуздун дээрлик баардык аспектилерине тийиштүү сектор. Мына ушул себептен улам экономика жана жумуш орундары алкагынан алганда бул сектор башкы сектор болуп саналат.
34. Түркиянын Энергетика жана жаратылыш ресурстары министрлиги пайдалуу кен байлыктарды издөө, казуу жана колдонуу жаатындагы мыйзамдарга тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизип келген жана өзгөртүүлөрдү киргизүүнү улантууда.
35. Түркия жергиликтүү жана улуттук тоокен саясатынын алкагында маанилүү кадамдарды жасады. Түркияда тоокен тармагында бир гана адам жана жаратылыш үчүн эмес, ошол эле маалда айлана-чөйрө менен адам ортосундагы байланыштагы ишмердүүлүк үчүн өзүнчө бир маданият түзүлгөн.
36. Шахталык жол менен кен казуу долбоорлорунда кен казылгандан кийин экологиялык маселелер боюнча тиешелүү чаралар – калыбына келтирүү этабы да камтылган. Ошентип, ишкер ишти баштоонун астында эле реабилитациялоо этабына көңүл бурат.
37. Пайдалуу кендерди казуу жөнүндө мыйзамда эскертилгендей, январдын соңуна чейин кен казуудан алынуучу алымдын 70%ы жалпы бюджетке, ал эми 30%ы жаратылышты коргоо боюнча иш-чаралар планын жүзөгө ашыруучу баш кеңсеге которулат. Ошентип, ишкердин экономикалык абалы өзүн реабилитациялоого өбөлгө түзө албаса, реабилитациялоону мамлекет камсыз кылат. Лицензиянын ээси казуу иштеринин соңунда казылган жерди айлана-чөйрөгө жараша иретке келтирип бериши керек. Бул тууралуу тиешелүү документти Башкы башкармалыкка сунуштоосу зарыл. Лицензия ээсине реабилитациялык иштерди жасашы үчүн бир жылдык мөөнөт берилет. Эгерде бул убакта тиешелүү чаралар көрүлбөсө баардык жоопкерчилик лицензиянын ээсинде калат. Кырдаал аткаруу бийлигине жеткирилип, жеринде байкоо жүргүзүлүп турат.
38. Лицензияланбаган аймактарда кен казуу иштери жүргүзүлгөн учурларда бул жерлерде калыбына келтирүү мамлекет тарабынан жүргүзүлөт. Тоокендерин

казуу ишмердүүлүгү жана лицензия берүү боюнча ишмердүүлүк айлана-чөйрөгө жана урбанизацияга таасир этүү сыяктуу белгилүү себептерден улам чектелет.

39. Тоокен өнөржайы, өзгөчө көмүр казууда экологиялык көйгөйлөр бар. Мында айлана-чөйрөнүнүн булганышына көңүл бурулат. Буга суунун, абанын булганышы, катуу таштандыларды мисал кылсак болот. Ошол эле маалда жердин казылышы менен жердин бузулушун дагы айтса болот. Энергетика жана жаратылыш ресурсу министрлиги бул чөйрөнү нормалдаштыруу боюнча көп иштерди жасады. Алардын башкыларынын бири «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзам болуп саналат. Мындан сырткары, таштандыларды, булганган сууларды тескөөгө, булганган сууларды жана мунай таштандыларын көзөмөлдөө эрежелерине жана башкаларга байланыштуу көптөгөн иш-чаралар жүзөгө ашырылууда.

40. Тоокен сектору өз ишин кен казуу менен экологиянын сакталышын интеграциялоо таризинде улантып жатат. Ошентип, Түркияда кен казуу иштери лицензиялоо этабы менен башталат. Экичи этап экологиянын сакталышы жана экологиялык баа берүү болуп эсептелет. Түркияда тоокен ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн лицензия болушу шарт, андан кийин айлана-чөйрөгө тийгизген таасири жөнүдө сертификатты алуусу керек. Андан соң компания менчик укугу жана турган жерине байланыштуу документтерге ээ болот. Кийин жумушчу орундарын ачуу, иштөөгө уруксаат алуу иштери жүрөт. Ошондон кийин Тоокен иштери жана мунай боюнча башкы дирекция компанияга иштөөгө уруксат берет. Андан соң башка тиешелүү уруксат берүүчү документтерди алат.

41. Тоокен өнөржайынан, кайра иштетүүдөн көптөгөн таштанды чыгат. Түркияда алардын айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасирин жоюу боюнча көптөгөн иш-чаралар жүргүзүлүп жатат.

42. Биринчиси – тоо кен өндүрүшүнүн таштандыларынын түрүн аныктоо. Бир нече сыноолор жана лабораториялык иш-чаралардан кийин тоокен өнөржайынын таштандыларынын түрү аныкталып, тоокен иштеринин коркучутуу жан коркунучсуз таштандылары болп бөлүштүрүлөт. Ошол эле учурда таштандыларды тескөө боюнча мыйзам актылары иштелип чыгып, аткарууга киргизилет.

43. Түркияда пайдалуу кендерди казууда жер астындагы сууларга анализ жасалып, зарыл болгон уруксаттар берилет. Бул жагдай боюнча министрлик жер астынан алуучу жана кудук курулмаларын иштеп чыккан. Бул курулмалар азыр да иштеп жатат.

44. Ошол эле маалда Түркияда көп жылдардан бери көмүр казуу жана абанын булганышына көмүрдүн таасирин азайтуу боюнча абанын булганышын алдын алуу жөнүндө ченемдик актылар иштейт. Андыктан, Түркияда жылытуу үчүн туура келбеген көмүрдү пайдаланууга жол берилбейт. Мындан сырткары, тоокендерин казуу учурунда мунай жана мунай таштандысы жөнүндө мыйзам дагы бар.
45. Тоокен секторуна бул жааттагы бардык өнөктөштөр тарабынан инвестициялар тартылып, колдоого алынышы керек. Буга байланыштуу пайдалуу тоокендерин казуу иштерин ачуу, тобокелчиликтерди иликтөө жана тоокендерин казуучу компаниялар үчүн тиешелүү эскертүүлөрдү жасоо иштери өтө маанилүү.

## III. ТҮРКПАга МҮЧӨ-ӨЛКӨЛӨРДҮН КЫЗМАТТАШТЫГЫ ЖАНА ТЫЯНАКТАР

46. Жаратылыш ресурстары экономиканын негизи, адам турмушунун сапатын көтөрүүдөгү маанилүү фактор, азыркы жана келечек муундун байгер жашоосунун өзөгү болуп саналат. Андыктан, жаратылыш ресурстарын натыйжалуу башкаруу, аларды рационалдуу пайдалануу экономикалык өнүгүүнүн жана айлана-чөйрөнү сактоонун негизги шарттары болуп эсептелинет.
47. Көрүнүп тургандай, ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн айлана-чөйрөнү коргоо максаттарын колдоо үчүн бир катар маанилүү мыйзамдар, укуктук документтер жана мамлекеттик программалар иштелип чыгып, кабыл алынган. Алардын баары мүчө-өлкөлөрдөгү экологиялык кырдаалды жакшыртуу максатында европа мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келет. Бул чаралар өнүгүү принциптеринин негизинде актуалдуу экологиялык көйгөйлөрдү чечүү үчүн тиешелүү мамлекеттик программалардын алкагында көрүлгөн.
48. Эл аралык уюмдар жана өнүккөн өлкөлөр менен мамилелерди кеңейтүү, булганууларды минималдаштыруу жана айлана-чөйрөнү коргоо максатында ТҮРКПАга мүчө-мамлекеттердин экологиялык саясатынын негизги багыттарынын бири болуп эсептелерин белгилей кетүү керек.
49. Азыркы кезде жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу маселеси боюнча коомчулуктун эң төмөн кабардар болуусу негизги көйгөй. Эл арасында жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу маселелери боюнча

кабардар болуу деңгээли, көйгөйдү түшүнүүсү маселени чечүүнүн ийгиликтүү фактору болуп саналат.

50. ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөр айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу жаатында алар мүчө болгон эл аралык уюмдардын жана алар өнөктөш болгон эл аралык макулдашуулардын алкагында кызматташа алат.
51. Биздин тиешелүү түзүмдөрдүн ортосундагы кызматташтыкты бекемдөөгө ТҮРКПАнын Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын (ТУУЖ) колдоосу аркылуу Анкарада 2019-жылдын 23-24-январында өткөргөн “Токойлордун жаратылыш байлыктарын коргоо жана айлана-чөйрөдөгү жаратылышты пайдалануу боюнча: мыйзамдуулук жана тажрыйба” аттуу семинары маанилүү роль ойноду. Мүчө-өлкөлөрдүн эксперттери жолугушуп, пикир алышып, бири-бирине байланыш түзүштү.
52. Бул маселе боюнча өз ара кызматташуу үчүн ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн кеңири мүмкүнчүлүктөрү бар. Алардын өз ара аракеттенүүсүн семинар, конференция, тажрыйба аламашуу программалары сыяктуу биргелешкен иш-чараларды өткөрүү аркылуу кеңейтүү мүчө-өлкөлөрдүн калктарынын байгер турмушу жана ошондой эле региондун кызыкчылыгы үчүн кызматташууну бекемдээр эле.